**МЕТОДИКИ ОБУЧЕНИЯ И РАЗРАБОТКИ ДЛЯ УРОКОВ**

**ИНФОРМАТИКА**

**Ибирайым кызы А.**

**19.05.2014**

# Интернет: колдонуу маданияты жана мүмкүнчүлүктөрү

Окуучулар жана Интернет колдонуучулар үчүн кошумча окуу курал



Бишкек – 2014.

«**Интернет: колдонуу маданияты жана мүмкүнчүлүктөрү**». Окуучулар жана Интернет колдонуучулар үчүн кошумча окуу курал.

Колдонмо Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши тарабынан каралып, бекитилген.

Интернет колдонуучулар үчүн кошумча окуу куралын даярдоо демилгеси IREX долбоору тарабынан колдоого алынган.

«Интернет: колдонуу маданияты жана мүмкүнчүлүктөрү» аттуу окуу куралы Интернетти колдонуп жаткан жалпы эле колдонуучуларга: окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге ж.б. арналат. Аталган окуу куралында Интернетке түшүндүрмө берүүдөн тартып, ага туташуу жолдору, электрондук почтанын кызматтары, социалдык тармактарда иштөөнүн эрежелери, видео-сүрөттөрдү башкалар менен бөлүшүүнүн ыкмалары, ошондой эле сайт түзүүдөн тартып макалалар менен иштөөнүн кадамдары көрсөтүлөт.

*Баса белгилей турган нерсе*, аталган окуу куралда Интернет колдонуучусунун практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу максатында жаңы түшүнүктөр ар бир кадам менен иштөөгө түрткү берген көрсөтмөлөр аркылуу берилди.

Буга кошумча, ар бир теманын аягында колдонуучу үчүн атайын тапшырмалар жана суроолор даярдалды. Бул өз кезегинде Интернет колдонуучусунун алган жаңы түшүнүктөрүн бекемдөөгө жана өз алдынча иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга жардам бермекчи.

Аталган окуу курал боюнча толук маалыматты Кыргыз билим берүү академиясынын Технология жана искусство лабораториясынан алууга болот.